КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
МИН-БУЛАК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
МИН-БУЛАКСКОГО АЙЫЛЬНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ

**2023-жылдын 03-февралы №2** **Миң-Булак айылы**

**Миң-Булак айыл өкмөтүнүн 2023-жылга жергиликтүү бюджетинин долбоору жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө**

Миң-Булак айылдык аймактык кеңешинин VIII чакырылышынын он бешинчи сессиясы, айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бюджетинин долбоорун угуп, талкуулап чыгып токтом кылат:

1. Миң-Булак айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бюджетинин көлөмү киреше, чыгашасы менен 11115.5 миң сом суммасында баланс менен бекитилсин.

Киреше бөлүгү төмөнкү киреше булактарынын эсебинен түзүлсүн:

- Теңдөөчү грант - 5851.0 миң сом.
- Салык агенти төлөөчү киреше салыгы - 2635.0 миң сом.
- Патенттин негизинде салык - 70.0 миң сом.
- Турак жай эмес имаратка жана жайга мүлк салыгы - 12.6 миң сом.
- Жеке жактардын транспорттук каражаттарына мүлк салыгы -310.3 миң сом,
- Жанаша, короо-жай жана багбанчылык-огород жер участогуна мүлк салыгы – 109.5 миң сом,
- Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерге мүлк салыгы - 46.5 миң сом,
- Айыл чарбасына жарактуу жер-дин мамлекеттик фондунун жерлерин иштетүү үчүн ижара акысы - 489.7 миң сом.
- Жайыт жерлерди пайдалануу үчүн жыйым - 191.8 миң сом.
- Калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы - 48.0 миң сом.
- Жер казынасын пайдалануу укугуна лицеи.кармоо үчүн жыйым – 207.1 миң сом.
- Муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын, курулмалардын, жабдуулардын жана техникалардын ижара акысы –25.0 миң сом.
- Калктуу пункттардын таштандысын чыгаруу үчүн жыйым – 30.0 миң сом.
- Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча көрсөтүү акысы – 1029.0 миң сом.
- Кызмат көрсөтүүнүн башка классификацияланбаган түрлөрү үчүн акы - 60.0 миң сом.

Чыгашалар бөлүгү 11115.5 миң сом өлчөмүндө төмөндөгү бөлүмдөр боюнча бекитилсин:

1. Башкаруу аппаратына - 5201.8 миң сом.
2. Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө - 150.0 миң сом.
3. Экономикалык маселелер бөлүмүнө - 127.9 миң сом.

4. ЖКХ бөлүмүнө - 1925.6 миң сом,
5. Маданият бөлүмүнө - 1224.0 миң сом,
6. Билим берүү бөлүмүнө - 1106,2 миң сом,
7. Социалдык коргоо бөлүмүнө - 291.0 миң сом,
8. Атайын каражат - 1089.0 миң сом.

2. 2023-жылдын бюджетине белгиленген каржылоо чыгымдары биринчи кезекте корголгон статьялар боюнча жумшалсын (эмгек акы, соц.фонд , коммуналдык чыгымдар ж.б.).

3. Жыл ичинде жергиликтүү киреше булактары бюджетте белгиленген суммадан ашык түшсө, ал суммага жараша бюджеттин чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизүү жагы айылдык аймактык кеңештин сессиясына сунушталсын.

4. Бюджетти аткаруу процессинде зарыл учурда статьядан статьяга, кварталдан кварталга жылдыруулар айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн сунушунун негизинде айыл өкмөтүнүн башчысынын токтому менен жүргүзүлсүн.

5. Бөлүмдөн бөлүмгө жылдыруу айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн сунушунун негизинде, айылдык аймактык кеңештин сессиясынын токтомунун негизинде жүргүзүлүүсү сунушталсын.

6. 2022-жылдын жыйынтыгы менен чыгашадан ашкан кирешенин эсебинен 2023-жылга 2.0 миң сом өлчөмүндө кассалык жүгүртмө каражаттык запас түзүлүп, жыл ичинде керектүү учурларда пайдаланып кайра орду толукталып, жылдын этегине чейин эсептик счетто сакталсын.

7. 2023-жылга белгиленген бюджеттин эсебинен 150.0 миң сом өзгөчө кырдаал үчүн көл тийбес резерв катары пландаштырылсын.

8. Ошондой эле «КРнын бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө Мыйзамынын» 21-статьясынын негизинде 2023-жылдын бюджетинин чыгаша көлөмүнүн 1 % ынын эсебинен 100200 сом айыл өкмөтүнүн резервдик фондусу болуп түзүлүп, айыл өкмөт башчысынын тескөөсүнө берилсин.

9. 2023-жылдын бюджетинин киреше, чыгаша бөлүктөрүн Мыйзамдуулукта аткаруу, максатсыз жумшоолорго жол бербөө, казынадан сырткары чыгымдоолорго тыюу салуу милдеттери айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысына тапшырылсын.

10. Бюджеттин киреше булактары болгон салык жана салык эмес төлөмдөрдү жыйноодо, өткөн жылдардан калган суммаларды (недоимкаларды) толук өндүрүүдө айыл өкмөтүнүн салык кызматкерлерине катуу талап коюлсун, ошондой эле алардын ишине ар тараптуу жардамдар көрсөтүлсүн.

11. Салык Кодексинин 328-статьясынын негизинде унаа ээлеринен тийиштүү өлчөмдөгү салыктар алынсын.

Айыл чарба багытында эмес жер салыгын чегерүүнүн коэффициенти К1=1.034 болуп белгиленсин.

12. Ал эми мектептердин жыл ичиндеги (текущий) ремонтуна каражаттар республикалык бюджеттен камсыз болуп жаткандыгы эске алынсын.

13. КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-майындагы № 302-токтомунун 1-пунктунда көрсөтүлгөндөй билим берүү уюмдарынын окуу жана тарбия иштерине байланыштуу чыгымдары билим берүү министрлиги аркылуу каржыланаары белгиленсин.

14. Жергиликтүү бюджетти колдоо ирээтинде республика тарабынан бөлүнгөн теңдештирүү гранттары коргоодогу статьялары (айлык акы.соц.фондго чегерүү ж.б.) жана коммуналдык чыгымдарды жабууга гана жумшалсын.

15. Айыл өкмөтүндөгү балдар бакчасынын атайын каражаттарын казыналыктан өткөрбөй туруп пайдаланууга тыюу салынсын. Тартип бузган учурда ал сумма 100% республикалык бюджетке алынаары жөнүндө мыйзамда көрсөтүлгөндүгү эскертилсин.

16. Жергиликтүү бюджеттин 2024-2025-жылдарга болжолу төмөндөгүдөй суммада белгиленсин.

а) 2024-жылга, бюджеттин көлөмү (киреше.чыгашасы менен) -11087.7 миң сом
аның ичинен: жергиликтүү салыктардын чегерүүсү - 4147.7 миң сом
теңдөөчү грант - 5851.0 миң сом
атайын каражат - 1089.0 миң сом

б) 2025-жылга, бюджеттин көлөмү (кирeше, чыгашасы менен) -11516.0 миң сом
аның ичинен: жергиликтүү салыктардын чегерүүсү - 4572.8 миң сом
теңдөөчү грант - 5851.0 миң сом
атайын каражат - 1089.0 миң сом

17. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык аймактык кеңешинин бюджеттик комиссиясына тапшырылсын.

Төрага Т.Койчубаев